### Б.1.3.9 Байыркы дүйнөнүн тарыхы 1 (Чыгыштын тарыхы)

«Байыркы дүйнөнүн (Байыркы Чыгыштын) тарыхы» дисциплинасы социалдык-экономикалык билим берүү багытынын тарых профилинин окуу планынын негизги бөлүгүндө (коду: Б.3.2.1.2.) орун алган. Аны окутууга бөлүнгөн сааттардын жалпы саны – 90, аудиториялык сааттар – 48, анын ичинде дарс – 32, семинардык сабак –16 саатты түзөт. Ал эми 42 саат студенттин өз алдынча ишине ажыратылган. Баары биригип 3 кредитти түзөт. Курс 2 семестрде окутулат. Дисциплинанын кредиттердеги (экзамендик бирдиктердеги) өлчөмү, аудиториялык жана өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн сааттарын көрсөтүү менен 1-жадыбалда келтирилген.

**Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредит) | Баардыгы (сааттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лабиш | | |
| Б.3.2.1.2.) 2 | 2 | 3 | 90 | 32 | 16 | | 52 | экзамен |

**Курстун кыскача мазмуну:** Байыркы дүйнө – алгачкы таптык коомдун жана мамлекеттин пайда болушу, адамзат тарыхынын доору.Бул тарыхый процесстин алдыңкы тенденциясы конкреттүү жолдордун ар тараптуу шарттарында жана ар түрдүү элдердин коомдук өнүгүү формаларында ишке ашкан. Жаратылыштык климаттык шарттардын окшош болбогону көп жагынан бул процесстин ар тараптуулугун аныктаган. Бардык өлкөлөрдө анын баскычтары бир убакта жана бирдей өткөн эмес. “Байыркы Чыгыш” түшүнүгү салттуу түрдө илимде түштүк-чыгыш, түштүк жана чыгыш Азия, түндүк жана түндүк-чыгыш Африка өлкөлөрүн жыйындысын белгилөө үчүн колдонулат.